КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №235 Кара-Коо айылы

Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча сунуштама киргизүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Ала-Баш айылындагы "Ичке-Төр" дарыясынын №1786 контурунда жайгашкан 1,0 га жер аянтына балык өстүрүүгө жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка багытка, "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" багытына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берүү жөнүндө сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Ала-Баш айылындагы "Ичке-Төр" дарыясынын №1786 контурунда жайгашкан 1,0 га жер аянтына балык өстүрүүгө жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка багытка, "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" багытына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Жер тилкесине тиешелүү документтерди даярдоо жана мыйзам талаптарына ылайык иштерди жүргүзүү Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго жүктөлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner